DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Самидинов М.С., Жусупов Б.А.*

# КЫРГЫЗСТАНДА СОТТУК КОНТРОЛ ИНСТИТУТУНУН КАЛЫПТАНУУСУ

*Самидинов М.С., Жусупов Б.А.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ИНСТИТУТА СУДЕБНОГО КОНТРОЛЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*M. Samidinov, B. Jusupov*

# FORMATION OF THE INSTITUTE OF JUDICIAL CONTROL IN KYRGYZSTAN

*УДК: 343.1*

*Макалада соттук контролдун пайда болуу тарыхы, таралуу өзгөчөлүктөрү, анын пайда болуусуна таасир этүүчү факторлор, Кыргызстандын укук тутумунда анын калыптануу өзгөчөлүктөрү жалпыланган. Макаланын максаты соттук контрол институттунун пайда болуу себеп жана шарттарын, калыптануу өзгөчөлүктөрүн, Ата-мекендик жазык сот өндүрүшүндөгү калыптануу эволюциясын талдоо аркылуу анын укуктук табиятын аныктоо саналат. Макаланы изилдөө учурунда жалпы илимий усулдар менен бирдикте тарыхый-укуктук салыштырма укуктук усулдар колдонулду. Макаланын жыйынтыгында соттук контрол институтунун калыптануу жана өнүгүү эволюциясы анын ичинде Ата-мекендик сот тутумундагы калыптануу шарттары жалпыланган. Соттук контролдун учурдагы адам укуктары жана эркиндиктерин камсыз кылуудагы ролу аныкталган. Макаланын жыйынтыктары мамлекет укук теориясын,кылмыш процессин окутууда, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулушу мүмкүн.*

***Негизги сөздөр:*** *соттук контрол, кылмыш процесси, адам укуктары, адам эркиндиктери, мыйзам, юстиция, конституция.*

*В статье обобщены история судебного контроля, особенности его распространения, факторы, повлиявшие на его возникновение, особенности его становления в правовой системе Кыргызстана. Цель статьи заключается в определении правовой природы института судебного контроля путем анализа причин и условий его формирования, особенностей его формирования, эволюции его становления в отечественном уголовном судопроизводстве. При исследовании использованы общенаучные и частно научные методы исследования, а также историко-правовые, сравнительно-правовые методы познания. В статье обобщены эволюция становления и развития института судебного контроля, в том числе условия становления судебного контроля в отечественной судебной системе, определена роль судебного контроля в обеспечении современных прав и свобод человека. Результаты статьи могут быть использованы при проведении занятий по теории права, уголовного процесса, а также в научных исследованиях.*

***Ключевые слова:*** *судебный контроль, уголовный процесс, права человека, свободы человека, закон, правосудие, конституция.*

*The article summarizes the history of judicial control, the specifics of its distribution, the factors that influenced its emergence, the specifics of its establishment in the legal system of Kyrgyzstan. The purpose of the article is to determine the legal nature of the institute of judicial control by analyzing the reasons and conditions of its formation, the peculiarities of its formation, the evolution of its status in domestic criminal proceedings. The research used general and specific scientific methods of research, as well as historical-legal, comparative-legal methods of cognition. The article summarizes the evolution of the establishment and development of the institute of judicial control, including the conditions of the establishment of judicial control in the domestic judicial system, defines the role of judicial control in ensuring modern law and order. The results of these articles can be used in the conduct of classes on the theory of law, the criminal process, as well as in scientific research.*

***Key words:*** *judicial control, criminal procedure, human rights, human freedoms, law, justice, constitution.*

Айта кетүү орундуу, соттук контрол институтунун пайда болуу тарыхы байыркы доорлорго барып такалат. Бул өзгөчө Европадагы мамлекеттерге таандык. Соттук контрол институту алгачкылардан болуп Байыркы Рим империясында, германиялык улуттарда пайда болгон. Бирок алар алгачкы соттук контролдун тибине окшош кубулуш катары таануу бир канча орундуу деп айтсак болот. Алар бир канча башка формада пайда болуп соттук талаш тартыштарды кароодо, башкаруучулар арасындагы талаш тартыштарды кээ бир учурларда укуктук бузууларды карашкан.

Бул жагдай бир канча доорлорго чейин өкүм сүрүп Германияда Веймар Конституциясын кабыл алуу менен аяктаган. Ал эми соттук контрол Францияда XIII кылымдын орто ченинде пайда болуп, Португалияда XVII кылымда Филипптин кодексин кабыл алуу менен аяктаган.

Соттук контрол институтунун бир канча жакшыртылган формасы XIX кылымда Норвегияда, Данияда, Грецияда пайда болгон. Ал эми Австрияда Федералдык сот 1867-жылы жеке саясий укуктар боюнча талаш тартыштарды чечүүгө ыйгарым укукка ээ болду. Ошол эле учурда мамлекеттик сот конституциялык даттануулар боюнча чечим чыгара баштаган.

Швейцарияда соттук контрол институтунун алгачкы бүчүрү 1848-жылдагы Конституциядан баштальп, 1874-жылдагы конституцияга өзгөртүү толуктоолордон кийин бир канча кеңири ыйгарымдарга ээ болду. Ал эми Норвегияда соттук контрол 1890-жылдан баштап калыптана баштаган. Бул мезгилдердеги соттук контрол институтунун пайда болуу жана калыптануусунун биринчи баскычы катары таанууга болот.

Бул мезгилде соттук контрол институту бир канча кеңири жайылтылып соттук практикада колдонула баштаган.

Айта кетүү орундуу соттук контрол институту бул мезгилдерде бүчүр абалында болуп бир канча

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



примитивдүү формада өкүм сүргөндүгү ачыкталат.

Соттук контрол институтунун калыптануу тарыхынын кийинки экинчи баскычы XX кылымдын башынан баштап бир канча натыйжалуу өнүгө баштады. Бул баскыч экинчи дүйнөлүк согуштун аякталуу мезгилине дал келет.

Соттук контрол институтунун өнүгүүсүнүн үчүнчү баскычы 1945-1960 жылдарга таандык. Бул мезгил бир канча демократиялык формада калыптанып конституциянын үстөмдүк принциби аркылуу ишке ашырыла баштаган. Ошону менен бирдикте мамлекеттеги бийликтин бөлүнүшү, парламентаризмдин өнүгүшү дагы бул институтун калыптанышына олуттуу таасир көрсөттү. 1947-жылы Бирмада, Италияда 1948-жылы, Японияда - 1947, Германияда 1949-жылы конституциялык контрол биротоло бекиген.

Соттук контрол институтунун андан ары өнүгүүсүнүн төртүнчү этабы 1970 жылдан- 1990 жылдар аралыгында деп белгилесе болот.

Бул мезгил бир канча саясий процесстердин калыптанышы менен бирдикте диктатордук режимдердин кулашы менен байланыштуу. Аларга Грецияны 1968-жыл, Испания 1978-жыл, Португалия 1976-жылда конституциялык контрол кайрадан калыбына келе баштаган. Ушул эле жылдардын аралыгында Алжирде 1963-жылы, Кипрде 1960-жылы, Турцияда 1961-жылы конституциялык контрол иштей баштаган.

Кыргызстан советтик союздук мамлекеттин курамында болгондугуна байланыштуу соттук контрол институтунун пайда болуу жана өнүгүү тарыхын Россия мамлекетинин курамына киргенден баштап эгемендүүлүк алганга чейинки мезгилде бир укуктук тутумда өнүккөндүгү менен байланыштырса болот.

Октябрь революциясына чейин ошондой эле Кыргызстандын Россиянын курамына киргенден баштап укуктук турмушу эриш аркак байланышып, советтик мезгилдерден эгемендүүлүк алганга чейинки мезгилдерди камтыйт.

Кыргызстанда жергиликтүү соттук институттарынын пайда болуусун жана өкүм сүрүүсүн аныктоонун негизинде гана алардын ишмердүүлүгүнө укуктук мүнөздөмө берүүгө болот.

Бул жерден, кыргыздардын Октябрь революциясына чейинки мамлекеттик соттук түзүлүштү башкаруусунун укуктук негиздери салт катары калыптанган адат укугу менен байланышкандыгын, ошону менен бирдикте жергиликтүү жамааттын өз алдынча ишмердүүлүгү калыптанган каада-салттарга ылайык, элдик жыйындарда, той-аштарда, курултайларда мөөнөттүү ишке ашырылып келгендигин айта кетүү зарыл.

Октябрь социалисттик революциясынан кийин коомдук мамилелерди укуктук жактан жөнгө салуу кыйла ирээттелип, тармактарга жараша жөнгө салына баштады.

Мына ошондуктан соттук контрол институтунун пайда болуусу жана өнүгүүсү сот бийлигинин тутумун калыптандыруу менен тыгыз байланышта экендиги ачыкка чыгат.

Октябрь революциясы бир канча административдик юстициянын эски тутумун биротоло талкалоо менен бирдикте жаңы советтик тутумду киргизүүгө бел байлаган.

Мына ошондуктан соттук контрол институтунун калыптануу жана өнүгүүсү советтик мезгилден баштап анын ичинде Кыргызстандын укуктук тутумуна да тиешелүү реформалар менен байланышкан. Аларды дагы бир канча баскычтарга бөлүп кароого болот.

Биринчи баскыч катары (1917-1925) жылдар аралыгы. Бул мезгилде соттук контрол институтунун калыптанышын бүтүндөй мүнөздүү белгилерин өзүнө камтыйт. Эл комиссарлар советинин №1 Декрети [1] бардык революцияга чейинки мыйзамдардын жана тескөөлөрдүн аракеттенүүсүн токтотуп, юрисдикциялык органдардын дагы ишмердүүлүгүн токтоткон.

Мындан келип чыккандай советтик бийлик дагы соттук контрол институтунун калыптанышына шарт түзгөн. Бирок тилекке каршы советтик бийликтин андан ары өнүгүү этабында бул институтка карата бир канча айрыкча идеологиялык жактан терс көз караш пайда болуп ал буржуазиялык элемент катары таанууга алып келген. Башкача айтканда соттук контролдун андан ары өнүгүшү бир канча саясий таптык көз караштардын курчоосуна кабылган.

Соттук контрол институтунун андан ары өнүгү баскычына (1923-1937) жылдарды айтсак болот. Бул мезгилдерде соттук контрол институтунун аракеттенүү чөйрөсү бир канча кеңейтилген.

Бул мезгилдерде мамлекеттик идеологиянын басымдуулук кылышы соттук контрол институтунун өнүгүшүнө дагы эле болсо тоскоолдук катары чыга келди. Советтик мамлекеттик түзүлүш, анын ичинде соттук тутум советтик бийлик тарабынан эң демократиялуу деп таанылып, жарандардын бийлик органдарынын аракеттерине же аракетсиздигине сотко арыз даттануу менен кайрылуусу советтик бийликти начарлатат деген көз караш басымдуулук кылган.

Соттук контрол институтунун 1937-1958-жылдар аралыгында башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдуулукту көзөмөлдөөнү кеңейтүү багытын алып Бул жерде соттук өндүрүш жактардын даттануусу менен эмес ошол органдардын өзүнүн даттануусу менен ишке ашырылган. Башкача айтканда айып пулдарды, төлөнбөй калган төлөмдөрдү өндүрүп алуу үчүн соттук санкция алуу менен байланышкан.

Соттук контрол институтунун үчүнчү этабында 1958-1975-жылдар аралыгында мамлекеттик органдардын чечимдеринин жана аракеттеринин мыйзамдуулугуна контрол жүргүзүү юрисдикциясы бир канча кеңейтилген.

Айта кетүү орундуу, бул мезгилдерде Соттук түзүлүш жөнүндө мыйзам актылары кабыл алынып (1958-ж.) [2] жыл сот тутумунун ишмердүүлүгү бир канча иреетелип жакшыртылган. Советтик сот адилеттүүлүгүнүн негизги ишмердүүлүктөрүнүн бири

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



катары бардык жарандар мекеме уюмдар мамлекетик органдар тарабынан мыйзамдын бирдей сакталышын камсыз кылууну караган. Башкача айтканда мыйзамдуулук сот өндүрүшүнүн негизги милдеттеринин бири катары таанылган.

Соттук контрол институтунун калыптанышына дагы бир маанилүү ченемдик акт катары СССРдин Жогорку Советинин 21-июль 1961-жылдагы "административдик тартипте салынуучу айыптарды колдонууну мындан ары чектөө жөнүндө"Указы саналат. Бул ченемдик актыда жарандарга карата салынган айып пул боюнча сотко даттануу укугу берилген [3].

Жарандык сот өндүрүшү боюнча негиздерде «административдик-укуктук мамилелерден келип чыгуучу мамилелер боюнча өндүрүш» деген түшүнүктү киргизишти. Мындай өзгөрүүгө Кыргыз ССРинин 1964-жылдагы жарандык процессуалдык кодекси дагы туш болду.

Административдик-укуктук мамилелерден пайда болгон өндүрүштөгү жаза пул негизинен административдик органдардын кызмат адамдары тарабынан ишке ашырылган. Бирок айта кетүү орундуу ошону менен бирге жарандар бул чечимдерге карата сотко даттануу укугу каралган.

Соттук контрол институтунун андан ары өнүгүшүнө Советтик Социалисттик Союздук Республикасынын 1977-жылдагы Конституциясы [4], ошондой эле Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын Конституциясы (20-апрель, 1978-жылы) бул салтты улантты [5, 50-б.].

Бул конституция алгачкы жолу жарандардын, мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын аракеттерине же аракетсиздигине болгон даттануу укугун бекитүү менен бирдикте соттук контролдун маанилүү механизмин конституциялык деңгээлге алып чыкты.

Бул жерде айта кетүү орундуу, ыйгарым укуктардан аша чабуу деген сыпаттоо орун алып ал эң биринчи кызмат адамдарына анын ичинде жазык куугунтугун ишке ашырган органдарга тиешелүү чектөөнү орнотууну жарыялады. Тилекке каршы мындай ченемдин бекилиши формалдуу түрдө гана калып иш жүзүндө административдик бийлик үстөмдүгү өкүм сүргөн бойдон калды.

Соттук контрол институтунун ишке ашыруу менен байланышкан маанилүү ченемдик актылардан болуп 30-июнь 1987-жылы кабыл алынган СССРдин «Жарандардын укуктарын кемсинтүүчү кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттерине соттук даттануу тартиби жөнүндө» [6] мыйзам саналат.

Соттук контрол институтунун өнүгүүү этабындагы маанилүү фактор катары 1990-жылдардан кийинки саясий процесстер, көз карандысыздык, эгемендүүлүк менен пайда болгон өз алдынча мамлекеттердин калыптанышы менен шартталган. Бул мезгилдерде адам укуктары жана эркиндиктери деген лозунг алдыга сүрүлүп, укуктуу мамлекет деген көз караштардын пайда болуусу менен дагы байланыштырса болот.

Бул этапта өткөн кылымдын 90-жылдары саясий укуктардын жана эркиндиктердин күч алуусу менен 1993-жылы эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу менен аяктады [7]. Бул этап саясий укук жана эркиндиктердин негизин орнотту. Ошондой эле соттук контрол институтунун өз алдынча институт катары калыптанышына өзгөчө шарт түздү.

Анткени бул Конституция укуктуу демократиялуу мамлекет катары таануу менен бирдикте бийликтин бөлүнүшүн сот бийлигинин көз карандысыздыгы боюнча бир канча маанилүү жоболорду бекитти.

Соттук контрол институнун калыптануу жана өнүгүү тарыхы бир канча узак мезгилдерге таандык экендиги ал өзүнө мүнөздүү тарыхый өнүгү этаптарын басып өткөндүгүн ачыкка чыгарды.

Соттук контрол институнун пайда болуу тарыхын талдоо бизге төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

– соттук контрол институнун пайда болуусу мамлекет менен укуктун өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү менен байланышкан;

– соттук контрол институнун сот адилеттүүлүгүн жүргүзүү менен шартталган.

– соттук контрол институнун пайда болуусуна адам укуктары жана эркиндиктеринин артыкчылыктуу каралышы менен шартталган.

**Адабияттар:**


1. Декрет О Суде №1. СУ РСФСР. - 1917. - №4. - С. 50.
2. Основы законодательства о судоустройстве Союза ССР и союзных республик. Ведомости ВС СССР 1959. №1. - С.12.
3. Указ Президиума ВС СССР от 21 июля 1961 г. «О дальнейшем ограничении применения штрафов налагаемых в административном порядке». - Ведомости ВС СССР 1962. - №9. - С 121.
4. Конституция СССР 1977 г. Ведомости Верховного Совета СССР. - 1977. - №41. - ст 617.
5. Кыргыз ССРинин Конституциясы [Текст]. 1978-ж. / «Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР», 1978 г. - N8, 50-б.
6. Закон СССР от 30 июня 1987 г. «О порядке обжалования в суд неправомерных действий должностных лиц, ущемляющих права граждан». // Ведомости Верховного Совета СССР. 1987. N 26. Ст. 388.
7. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]. - 5 май 1993-ж. (в редакции Закона Кыргызской Республики «О новой редакции Конституции Кыргызской Республики» от 23 октября 2007 г. // газета «Эркин тоо» от 24 октября 2007 года N 83).